## КЕСИПТИК МЕДИЦИНАЛЫК КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН РОЛУ

Жалпысынан, бардык дарыгерлер тамеки тартууну таштоодо маанилүү ролду ойношот. Дарыгерлер, өзгөчө коомдук саламаттык сактоо тармагындагы дарыгерлер, ден соолукту чыңдоо боюнча адистер, жалпы билим берүү мектептеринин дарыгерлери **коомдо тамеки тартуу боюнча көз карашты жана ишенимди өзгөртүшү мүмкүн,** бул КР Өкмөтүнүн же кандайдыр башка мекемелердин колунан келбейт. Мисалы:

1. Өкмөт ата-энелерге балдардын көзүнчө тамеки тартууга болбойт деп айта албайт. Дарыгер болсо муну жекече да, радио менен ТВ аркылуу да сунуштай алат.
2. Өкмөт жаштар менен иштеген педагогдорго же башка адамдарга балдардын көзүнчө тамеки тартпагыла дебейт. Мындай кеңеш үй-бүлөлүк дарыгердин же мектептеги врачтын айтканы туура болот.

**Саламаттык сактоонун кызматкерлеринин:** кырдаалды өзгөртүүгө потенциалы жана мүмкүндүгү бар, анткени:

- тамеки менен оорулардын себептик-кесепеттик байланышын билишет;
- бейтаптарга сунуш берүү мүмкүндүгү бар,
- коомдук саламаттык жаатындагы адистердин аброю бар;
- коомдогу кеңешчи, саясатчыларга жетүү мүмкүндүгү бар;
- жогорку социалдык абалга ээ.

Медициналык кызматкерлер бейтаптардын арасында тамеки тартууну токтотуу жана алдын алуу боюнча иштерди жүргүзүүдө чоң ролду ойношу мүмкүн. Бирок көп дарыгерлер дарылоо иши менен алектенип, убакытысы жетишпейт, каалосу жок (эмгек акысы төмөн), көптөр муну кадимки көрүнүш катары кабыл алат: «Бардыгы тартышат, тамеки тартууга расмий уруксат бар» ж. б., ал эми көп дарыгерлер өздөрү тамеки тартышат...

## ЭГЕРДЕ ДАРЫГЕР ТАМЕКИ ТАРТСА, ЭМНЕ ҮЧҮН БЕЙТАП ТАМЕКИНИ ТАШТОО ЗАРЫЛДЫГЫНА ИШЕНИШИ КЕРЕК?

Медициналык уюмдардын жетекчилери биринчи кезекте медицина кызматкерлери тамеки тартууну ташташы керек деген шарт коюуга тийиш. Коомдук саламаттык сактоонун дарыгерлери жана ден соолукту чыңдоо адистери бул тууралуу ар бир жыйында айтып, мезгил-мезгили менен жетекчилерге эскертип турушу керек. Дарыгерлер коомго үлгү көрсөтүп, өздөрүнөн баштоого тийиш (өзү тартпай же тартууну ташташы керек). Тамеки тарткан дарыгер бейтаптын туура тандоосуна жолтоо болушат.

## Дарыгерлер калкка үлгү болуп, тамеки тартууга каршы күрөшүүнүн алдыңкы катарларында болууга тийиш

Дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө үй-бүлөлүк дагырерлер (жалпы практикадагы дарыгерлер) медицина кызматкерлеринин көпчүлүгүн түзөт. Ден соолугуна байланыштуу маселелери бар адамдар биринчи кезекте жардамга саламаттык сактоонун баштапкы деңгээлиндеги медициналык уюмдарга – үй-бүлөлүк медицина борборлоруна кайрылышат.